**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЭҢИЛЧЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЭНИЛЧЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
кезексиз сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жылдын 11-августундагы № 14** **Эңилчек айылы**

## Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык үйлөрдү Ак-Суу райондук электр тармактары ишканасы менен ижара келишиминин мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу өткөрүп алуу жөнүндө

Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтү жана Ак-Суу райондук электр тармактары ишканасынын ортосундагы 2012-жылдын 11-июнундагы “Эңилчек айылынын Кыдыр-Аке көчөсүндөгү №1 үйүнүн бир батири жана №3 үйүнүн эки батири он жылдык мөөнөткө ижарага берүү жөнүндө” келишиминин мөөнөтү бүткөндүгү жөнүндө муниципалдык менчик жана кирешелер боюнча адиси Н.Т. Кубатовдун докладын, «Жайыт жана муниципалдык менчик маселелери боюнча» туруктуу комиссиянын төрагасы Орозгазы уулу Жайдардын кошумча докладын угуп жана талкуулап, Эңилчек айылдык кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Эңилчек айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган Эңилчек айылынын Кыдыр-Аке көчөсүндөгү № 1 Б, № 3 А жана Б сандуу батирлери Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө өткөрүлүп алынсын.
**2.** Токтомдун аткарылышы Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А. Усубакуновго жүктөлсүн.
**3.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин «Жайыт жана муниципалдык менчик маселелери боюнча» туруктуу комиссиянын төрагасы Орозгазы уулу Жайдарга тапшырылсын.

**Төрага** **А.У. Исмаилова**